# 2023-2026-жылдарга карата

# Күнтуу айыл өкмөтү, Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин администрациясы жана Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин кесиптик бирлик уюмунун ортосундагы үч тараптуу

# КЕЛИШИМ.

Scanned with CamScanner

**2023-2026-жылдарга карата**

**Күнтуу айыл өкмөтү, Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин администрациясы жана Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин кесиптик бирлик уюмунун ортосундагы үч тараптуу келишим**

| | | |
|---|---|---|
| Күнтуу айыл өкмөтүнүн башчысы Джумалиев Б.А. | Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин директору Дюшенбаева С.Э. | Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин кесиптик бирликтин төрайымы Эшимбекова А.К. |
| ______________ | ______________ | ______________ |
| "10" 01 2023-ж | "10" 01 2023-ж | "10" 01 2023-ж |

Катталган
Кунтуу айылдык кеңешинде ______________

**Күнтуу айыл өкмөтү, Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин администрациясы жана Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин кесиптик бирлик уюму, мындан ары Тараптар деп аталуучу, КР Эмгек кодексинин 46-52-беренелеринин жана "КРдагы эмгек мамилелери жаатындагы улуттук өнөктөштүк жөнүндө" КР Мыйзамынын негизинде социалдык өнөктөштүктү бекемдөө жана өнүктүрүү, тармактын кызматкерлеринин эмгектик, социалдык, экономикалык жана укуктук кепилдиктерин жөнгө салуу максатында ушул Келишимди 2023-жылдын 1-январынан 2026-жылдын 31-декабрына чейин түзүшкөн.**

Scanned with CamScanner

## I. Жалпы жоболор.

**1.1.** Бул Келишим Күнтуу айыл өкмөтүнүн атынан айыл өкмөт башчысы Б.А. Жумалиев менен, Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин администрациясы тарабынан мектептин директору С.Э.Дюшенбаева менен, Нурлан Рахманов атындагы орто мектептин кесиптик бирлик уюмунун атынан кесиптик бирликтин төрайымы А.К. Эшимбекова менен түзүлүп жана Тараптардын социалдык-экономикалык, укуктук жана эмгек маселелери жаатындагы милдеттенмелерин камтыган укуктук акт болуп саналат.

**1.2.** Келишим КРнын аймагында билим берүү кызматкерлерине минималдык социалдык гарантияларды камсыз кылууга багытталган мыйзамдардын жана нормативдүү документтердин негизинде иштелип чыккан:

- Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 4-августу № 106 **Эмгек Кодекси** (*КР 2022-жылдын 6-июнундагы №41 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*
- Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябры № 123
  - **"Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамы** *(КР 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 113 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*
- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 30-апрели № 92 "**Билим берүү жөнүндө" мыйзамы** (*КР 2022-жылдын 25-июлундагы № 69 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*
- Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 1-августу № 167 **"Эмгекти коргоо жөнүндө"** мыйзамы (*КР 2016-жылдын 26 июлундагы № 142 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

жана кызматкерлердин укуктары бул келишим менен чектелип калбайт. Иштин жүрүшүндө тараптардын биргелешкен макулдугу боюнча бул документке билим берүү кызматкерлеринин эмгек шарттарын жана социалдык абалдарын жакшыртуу боюнча өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

**1.3.** Тараптар Н.Рахманов атындагы орто мектептин кызматкерлерин социалдык жактан коргоону зарыл болгон максаттары жана милдеттери катары төмөнкүлөрдү көзөмөлдөө керек деп эсептешет:

- кызматкерлердин кызмат акыларын өз убагында берип турууну:
- кызматкерлердин жумуш орундарында эмгекти жана ден соолукту коргоо, өздөрүнүн жана үй-бүлө мүчөлөрүнүн ден соолугун чыңдоо боюнча иштерди жүргүзүүнү;
- билим берүү кызматкерлерине белгиленген женилдиктердин жана кошумча төлөөлөрдүн берилишине жетишүүнү;
- тармактын кызматкерлери үчүн укуктук окууларды жана кызмат көрсөтүүлөрү уюштурууну;

Scanned with CamScanner

- ❖ билим берүү кызматкерлеринин кадрдык потенциалын сактоодо, жакшыртууда кесиптик бирлик уюмдарынын таасирдүүлүгүн камсыз кылууну;

**1.4.** Келишим колдор коюлуп, катталгандан тартып **31.12.2026** на чейин жарактуу. Макулдашылган мезгилдин ичинде тараптардынн ар бири келишимдеги талапты так аткарууга жеке жана жамааттык, эмгектик талаш-тартыштарды мыйзамдын чегинде жолго салууга милдеттенишет.

**II. Экономикалык жана социалдык коргоо.**

Кызматташтыктын артыкчылыктуу багыттары катары тармактын кызматкерлерин экономикалык жана социалдык жактан коргоо маселелерин кароо менен Тараптар зарыл деп эсептешет:

**2.1.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 200 **"2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасын бекитүү жөнүндө"** *токтому* ылайык мектептерде тиешелүү иш-аракеттерди жүргүзүү.

**2.2**. Мектеп жетекчилиги КР Эмгек Кодексинин аткарылышын биргеликте көзөмөлдөө жана төмөнкүлөргө өзгөчө көңүл буруу:

- ❖ Билим берүү кызматкерлеринин кызмат акыларын КРнын Эмгек Кодексинин 361-369, 377-381-статьяларында жана **Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетинин** 2022-жылдын 30-марты № 181 **«Билим берүү системасынын педагогикалык жана айрым категориялардагы кызматкерлсрине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтом** *(КР Министрлер Кабинетинин <u>2022-жылдын 1-августундагы № 434</u>, <u>2022-жылдын 16-декабрындагы № 681</u> токтомунун редакциясына ылайык)*
- ❖ Билим берүү кызматкерлерине кызмат акы төлөөнү жаңы системасында белгиленген кызмат акы жана ага кошумча төлөмдөрдү, үстөктөрдү туура жана өз убагында берилишин көзөмөлдөө;
- ❖ кызматкерлердин кызмат акыларын анын макулдугусуз мыйзамсыз кармап калбоону көзөмөлдөө;
- ❖ алдын ала макулдашпай жана төлөбөй туруп кызматкердин милдетине кирбеген жумуштарга чегербөөнү көзөмөлдөө;
- ❖ кызматкердин жазуу жүзүндө макулдугусуз кызмат акы төлөбөй турган өргүүгө чыгарбоону көзөмөлдөө;
- ❖ кызматка алган учурда КРнын Өкмөтүнүн 1999-жылдын 12-мартындагы №145 токтомуна ылайык жумуш берүүчү менен кызматкердин ортосундагы эмгек келишимин түзүү жана КРнын Эмгек Кодексинде. "Билим берүү жөнүндө" жана "Мугалимдин статусу жөнүндө" Мыйзамдарында каралган жеңилдиктердин жана кошумча төлөмдөрдүн, үстөктөрдүн төлөнүшүн көзөмөлдөө.

*ТАРАПТАР*

Scanned with CamScanner

**2.3.** Ченемдик каржылоо шарттарында, педагогикалык кызматкерлердин эмгек акысын төлөөнүн жаңы шарттарында мектептин ишин жөнгө салуучу ченемдик жана укуктук документтерди мугалимдерге жеткирүү.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

**2.4**. Айыл округунун 5-6 жаштагы балдарын мектепке даярдоо программасына 480 сааттык “Наристе” мектепке даярдоо программасын киргизүү жолу менен камтууну кеңейтүү. Сабактарды өткөрүү үчүн тийиштүү шарттарды камсыз кылуу.

*АЙЫЛ ӨКМӨТҮ*
*МЕКТЕП*

**2.5.** Мектепке чейинки даярдоо программаларында иштеген педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу курстарынан өтүүнү камсыз кылуу.

*АЙЫЛ ӨКМӨТҮ*
*МЕКТЕП*

**2.6.** Окуу процессинин материалдык-техникалык базасын жакшыртуунун үстүндө иштөө, анын ичинде: мектеп китепканаларын жабдуу, керектүү мектеп жабдууларын, компьютердик техниканы, эмеректерди сатып алуу, утурумдук жана капиталдык оңдоолорду жүргүзүү.

*ТАРАПТАР*

**2.6.** Окуучулардын олимпиадаларга, ар кандай кароо-конкурстарга баруусу үчүн транспорт менен камсыз кылуу.

*АЙЫЛ ӨКМӨТҮ*

**2.7**. Күнтуу айыл округунун кызматкерлеринин жана окуучуларынын коомдук турмушка активдүү катышуусун камсыздоо:

* Аймакты тазалоо иштерин уюштуруу;

* Ар кандай майрамдарды даярдоо жана өткөрүү;

* Айыл өкмөтүнүн калкынын муктаж катмарына жардам көрсөтүү жана уюштуруу.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

Scanned with CamScanner

- ❖ Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 152-157-беренелеринде каралган эмгек акыны, бардык кошумча акыларды жана үстөктөрдү жана педагогикалык кызматкерлерге эмгек акы төлөөнүн жаңы шарттарын өз убагында төлөө. Конкреттүү учурлар боюнча Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарына ылайык чара көрүү;
- ❖ Билим берүү уюмдарынын педагогикалык жана башка кызматкерлерине аларга мүнөздүү эмес функцияларды кошумча акы төлөбөстөн жүктөө;
- ❖ Мектеп кызматкерлеринин жазуу жүзүндөгү макулдугусуз тапкан акысынан мыйзамсыз кармап калуу.
- ❖ Айыл мектептеринде иштөөгө келген жаш адистерге жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен чарба жүргүзүүгө кызматтык маянасынын он эселенген өлчөмүндө бир жолку жөлөк пул төлөөгө ("Билим берүү жөнүндө" КР Мыйзамынын 32-беренеси).
- ❖ КБнын кызматкерлерин кесиптик ишмердиги менен байланышпаган Айыл чарба жана башка жумуштарга тартууга жол бербөөгө ("Мугалимдин статусу жөнүндө"КР Мыйзамынын 6-беренеси) берилген

*ТАРАПТАР*

**2.9.** Пед кызматкерлерди тарификациялоону жүргүзүүгө, иштегендердин эмгек китепчелерин туура жүргүзүүгө жана сактоого, ошондой эле педагогикалык кызматкерлерди аттестациялоонун туура жүргүзүлүшүнө көзөмөл жүргүзүүгө.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

## III. БИЛИМ БЕРҮҮ КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН УКУКТАРЫН ЖАНА КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРЫН УКУКТУК КОРГОО.

Социалдык өнөктөштүктү андан ары өнүктүрүү максатында тараптар эмгек мамилелеринде:

**3.1.** КР Эмгек кодексинин 415-беренесине ылайык мектепте эмгек талаш-тартыштары боюнча комиссия түзүлсүн.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

**3.2.** Бардык учурларда КР Эмгек кодексинин билим берүү уюмдарынын жетекчилери тарабынан билим берүү системасынын кызматкерлеринин мыйзамдуу кызыкчылыктарын кемсинткен мыйзамсыз чечимдердин, буйруктардын, тескемелердин жокко чыгарылышына жетишүү.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

Scanned with CamScanner

3.3. Биргелешип чечүүнү талап кылган маселелерди кароо боюнча айыл өкмөтүнүн, мектеп администрациясынын, ПКнын өкүлдөрүнүн отурумдарын өткөрүү практикасын улантуу.

*ТАРАПТАР*

## IV. ЭМГЕКТИ КОРГОО ҮЧҮН СЕРГЕК ЖАШОО ЖАНА КООПСУЗ ШАРТТАРДЫН ДЕҢГЭЭЛИН КӨТӨРҮҮНҮ КАМСЫЗ КЫЛУУ

Эмгекти коргоо жаатындагы иштин негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат::

**4.1.** Кесиптик бирлик мүчөлөрүнүн ден-соолугуна жана коопсуз эмгек шарттарына укуктарын коргоо боюнча кесиптик бирлик көзөмөлүнүн мектебинде натыйжалуулугун жогорулатуу.

*КЕСИПТИК БИРЛИК*

**4.2.** Эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы талаптарына ылайык зарыл болгон ар бир иштеген адамга эсептелген каражаттарды бөлүп берүүгө көмөктөшүү.

*ТАРАПТАР*

**4.3.** Эмгек шарттарын жакшыртуу жана өндүрүштүк жаракатты азайтуу боюнча чараларды көрүү максатында мектеп кызматкерлеринин өндүрүштүк жаракаттын себептерин жыл сайын эсепке алуу жана талдоо.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

**4.4.** Жер-жерлерде ден соолугу чың жана коопсуз эмгек шарттарын жана эмгекти коргоону текшерүү, мектеп администрациясы тарабынан аткаруу.

*ТАРАПТАР*

**4.5.** Эмгекти коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларын бузгандыгы, ушул Макулдашууда каралган коопсуздук техникасы боюнча милдеттенмелерин аткарбагандыгы үчүн күнөөлүү жетекчилерди жана адамдарды жоопкерчиликке тартуу.

*ТАРАПТАР*

## V.ТАРМАКТЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНИН ЭС АЛУУСУН ЖАНА ДЕН СООЛУГУН ЧЫҢДООНУ УЮШТУРУУ.

Социалдык коргоонун негизги формаларынын бири катары иштегендердин эс алуусун жана ден соолугун чыңдоону уюштурууну эске алуу менен тараптар:

**5.1.** Балдардын ден соолугун чыңдоо борборлорунун базасында профсоюз мүчөлөрүнүн балдарынын ден соолугун чыңдоону жыл сайын уюштуруу.

Scanned with CamScanner

*ТАРАПТАР*

**5.2.** Жергиликтүү бюджеттерден каражат бөлүүнү карап, окуучулардын, жетим балдардын, социалдык жактан аярлуу үй-бүлөлөрдүн балдарынын жалпы эс алуусун уюштуруу жана ден соолугун чыңдоо максатында жайкы каникулдук мезгилде мектепке чейинки эмгек жана эс алуу лагерлерин, күндүз болуу лагерлерин ачууга көмөктөшүү.

*ТАРАПТАР*

**5.3**. Мугалимдердин жана мектептин башка кызматкерлеринин ден соолугун чыңдоону уюштурууга жергиликтүү бюджеттен жыл сайын бөлүүнү камсыз кылууга көмөк көрсөтүү.

*ТАРАПТАР*

**5.4**. Кош бойлуулук жана төрөт боюнча эмгекке убактылуу жарамсыздык баракчалары боюнча эсептөөлөрдүн жана төлөмдөрдүн тууралыгын жана өз убагында берилишин такай контролдоо.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

**5.5**. Окуу-тарбиялоо процессинде окуу жылынын кайсы убагында болбосун мугалимди медициналык көрсөткүчтөр боюнча санаториялык-курорттук дарылоо мезгилине алмаштырууну камсыз кылуу.

*МЕКТЕП*
*КЕСИПТИК БИРЛИК*

## VI. МАКУЛДАШУУНУН КОЛДОНУЛУШУ, АНЫН АТКАРЫЛЫШЫН КОНТРОЛДОО ЖАНА ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ.

**6.1.** Тараптар бул Келишимди 2023-2026-жылдарга билим берүү системасында социалдык-экономикалык саясатты жүргүзүү боюнча зарыл иш-аракеттердин негизги багыттарын белгилеген социалдык өнөктөштүктүн негизги документи катары тааныйт жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде анын бардык шарттарын сактоо менен ушул Келишимди жетекчиликке алууга милдеттенме алышат.

**6.2**. Ушул Келишим боюнча тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер сүйлөшүү жолу менен жана тараптардын макулдашуусу боюнча чечилет.

**6.3**. Бул Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон Тараптардын ар бири үчүн бирден үч нускада даярдалды жана кол коюлду. Бул Келишим Күнтуу айылдык кеңешинде каттоодон өтүүдө.

Scanned with CamScanner

**6.4.** Бул келишим Н.Рахманов атындагы орто мектептин бардык кызматкерлерине жайылтылат.

**6.5.** Келишим ага кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана жаңы келишим кабыл алынганга чейин колдонулат.

**6.6.** Келишимдин аткаруунун жыйынтыгы календардык жылда бир жолудан кем эмес угулат.

Scanned with CamScanner